УДК 373.2

***Сатарова К., Бактыбек кызы Ж.***
*Сатарова Кундуз – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Бактыбек кызы Жыпаркүл– магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БААЛУУЛУКТАР МАМИЛЕСИ КАТЕГОРИЯСЫНЫН МААНИСИ ЖАНА ТҮЗҮЛҮШҮ

# ЗНАЧЕНИЕ И СТРУКТУРА КАТЕГОРИИ ЦЕННОСТНОГО ОТНОШЕНИЯ

# THE MEANING AND STRUCTURE OF THE VALUE ATTITUDE CATEGORY

***Аннотация.*** *Макалада философиялык көз караштардын изилдөөсүнө - баалуулук категориясынын такталышына, толукталышына арналган. Жаңы мезгилдеги илимдин өнүгүшү баалуулук категориясын ар түрдүү аспектилери изилдөөнүн жыйынтыктарын берилгеню Ошондой эле, А. Маслоунун көрсөтүлгөн баалуулуктардын пирамидасын, баалуулук категориясы эки чоң сферанын кесилишин: мотивация багытында жана аң сезимдин көз карашынын негизинде кароону сунушталды.*

***Аннотация.*** *Статья посвящена исследованию философских взглядов - уточнению, дополнению ценностных категорий. Развитие науки Нового времени дало результаты изучения различных аспектов ценностной категории А. Было предложено рассмотреть пирамиду ценностей Маслоу, в которой категория ценностей представляет собой пересечение двух больших сфер: в направлении мотивации и с точки зрения сознания.*

***Abstract.*** *The article is devoted to the study of philosophical views - clarification and addition of value categories. The development of science of the new time, the results of the study of various aspects of the value category A. It is proposed to consider Maslow's pyramid of values, in which the category of values represents the intersection of two large spheres: in the direction of motivation and from the point of view of consciousness.*

***Ачкыч сөздөр:*** *баалуулук, социалдык баалуулуктар, турмуштук баалуулуктар.*
***Ключевые слова:*** *ценность, социальные ценности, жизненные ценности.*
***Key words:*** *value, social values, life values.*

Бардык мезгилде мектеп мугалиминин эң негизги функцияларынын бири мектеп окуучусуна аныкталган предмет боюнча билимдерди калыптоо менен бирге аларда аныкталган инсандык касиеттерди калыптоо болуп саналат. Адамзат коомунун өзгөрүшү, философиялык көз караштардын өнүгүшү баалуулук категориясынын такталышына, толукталышына алып келди. Орто кылымда илимдин бардык эле багытындай баалуулук диний окуулар менен негизделип, диний түшүнүктөр менен айкалыштырылган. Кайра жаралуу доорунда баалуулукту аныктоодо гуманизмдин принциптери колдонулган. Жаңы мезгилдеги илимдин өнүгүшү баалуулук категориясын ар түрдүү аспектилерде изилдөөгө негиз болуп калды.

Илимдер системасындагы эң кызыктуу жана татаал категориялардын бири – баалуулук болуп саналат. Байыркы дүйнөнүн ойчулдары ар түрдүү логикалык түзүлүштөрдү түзүү менен баалуулук категориясынын “сырын” ачканга аракет жасашкан.

Баалуулуктун категориясынын ар тараптан негизделиши Сократ менен тыгыз байланышкан. Сократ баалуулуктун негизин түшүндүрүү үчүн абдан кызыктуу суроону койгон: тигил же бул кубулуштун өзүнүн маанисинен, ал кубулуштун эмне үчүн орун алаарын түшүнүү бир топ натыйжалуу деп эсептеген. Башкача айтканда, кубулуштун чыныгы өзүнүн мүнөзүн, касиети эмес, анын маанисин, маңызын билүү илимий маселе болуп саналат. Сократ эң негизги баалуулуктарга: “жыргалчылык”, “сулуулук”, “акыйкаттык” түшү-

нүктөрүн киргизген [4]. Анын окуучусу Платон “жыргалчылыкты” эң негизги универсалдуу баалуулук катары тааныган жана бул дүйнөгө көз карандысыз болгон “эң жогорку идеяга” башка баалуулуктардын бардыгы көз карандылыкта болот деп эсептеген. Ак көңүлдүк менен акыйкаттык, сулуулук менен сүйүү бири-бирине тыгыз байланышкандыктан идеалдуу дүйнөнүн биримдигин түзөт жана алар баалуулуктар дүйнөсүнүн негизи болуп саналышат. Платон баалуулукту изилдөө менен анын ар бир адамда өзгөчө чагылаарын көрсөтүп, “адам бардык оокатты ченөөнүн чени” деген ой пикирди киргизген [5].

Азыркы мезгилдеги илимий эмгектерде баалуулук категориясы жана анын жаратылышы ар түрдүү аспектилерде каралат. Бир аспектисинде баалуулук адамдын тигил же бул зарылчылыгын, талабын канааттандырган жана пайда алып келген предмет катары кабыл алынат. Экинчи аспектиде жалпы адамга, социалдык катмарга маанилүү норма, идеал катары белгиленет. Баалуулук аныктаган аспектилер бири-бирин жокко чыгарбайт, тескерисинче бири-бирин толуктап, айкалышып турат. Психологиялык жана педагогикалык изилдөөлөрдө “баалуулук” категориясы инсандын касиетин түзүүчү фактор катары кабыл алынып, ар түрдүү аспектиде изилденген.

Көрүнүктүү психолог Э. Фромм, З. Фрейд [2] баалуулуктар системасын коомдун социалдык талаптары менен байланыштырган. Э.Фроммдун изилдөөлөрүндө ишеним жана баалуулук инсанга даяр түрүндө берилбейт, коом аны пассивдүү түрдө кабыл албайт деген пикирди көрсөтөт. Баалуулук турмуштук эксперименттердин натыйжасында интеллектуалдык ой жүгүртүүлөрдүн натыйжасында калыптанат. Ар бир адам өзүнүн аракеттерин жүргүзүү үчүн баалуулукка муктаж болот. Адамдын баалуулуктарын эки категорияга бөлүүгө болот:

а) аң-сезимдүү түрдө расмий формада коом кабыл алган баалуулуктар (диний жана гуманизмдик);

б) аракеттеги баалуулуктар (социалдык системалардын таасири алдында пайда болгон).

Акыркы мезгилде гуманистикалык психология илиминде адамдын баалуулуктар системасына эң жогорку ролду беришүүдө. Американык изилдөөчү Абрахам Маслоу баалуулуктар системасын изилдөө менен анын классификациясын берген. А. Маслоунун теориясынын негизин адамдын өздүк актуализациялоосу түзөт. Адам өзүнүн өнүгүүсүндө улам жогорку баалуулуктарды өзүнүн алдына коюп, ага жетишип андан кийин, кийинки деңгээлине аракет жасай баштайт. Бир сөз менен айтканда адамдын өнүгүүсү бул баалуулуктардын иеарархиясынын түздөн - түз таасири. А. Маслоу баалуулуктарды “бытиялык” жана “жогорку” эки деңгээлге бөлүп караган. “Бытиялык” баалуулук ар бир адамдын турмуштук зарылчылыгы, муктаждыгы болуп саналат жана ага ар бир адам жеткенге аракет жасайт. Ал эми “жогорку” баалуулук адамдын жаратылыштык табигатынан келип чыгат.

Абрахам Маслоу [2;5] баалуулук системасын эки деңгээлге ажыраткан:

а) баалуулуктары (бытиянын баалуулуктары ) - өзүн-өзү актуализациялаган адамдар үчүн (чындык, ак көңүлдүк, сулуулук, уникалдуулук, өзгөрүү, тартип, байлык, оюн, терeңдик, өздүк байлык жана башкалар);

б)баалуулуктар (зарылчылыктын баалуулуктары), башкача айтканда зарылчылыктан улам келип чыккан баалуулуктар. Алар тигил же бул керек-төөнү, муктаждыкты жеңүү үчүн пайда болот.

Ошентип, жалпысынан алган А. Маслоу 1-сүрөттө көрсөтүлгөн баалуулук-тардын пирамидасын сунуштаган.

Сүрөттө көрсөтүлгөндөй баалуулуктардын иеархиясы беш бөлүктөн турат.

• Эң жөнөкөй турмуштук баалуулуктар. Бул баалуулуктар адамдын физиологиялык муктаждыгына, жашоонун эң зарыл болгон компонент-терине байланышкан. Ошондуктан жөнөкөй баалуулуктарга тамак-аш, кийим-кечек, үй тиричилик оокаттары, уйку, эс алуу жана башкалар кирет.


• Экинчи деңгээлдеги жөнөкөй баалуулуктар адамдын өздүк коргонуусун жана эртеңки күнгө болгон ишенимин түзөт. Бул баалуулуктарга өзүнүн кол тийбестиги, коргонуу факторлору, ишенимдер, иштеп жаткан иши жана башкалар кирет.

• Үчүнчү деңгээлдеги баалуулуктар – социалдык баалуулуктар. Адамдын кандайдыр бир социалдык топко таандыгы, коллективдеги орду, адамдардын ортосундагы мамилелер, сүйүү, достук жана башкалар камтылат.

• Төртүнчү деңгээлдеги баалуулуктар – адамдын кадыр - баркы, анын ийгиликтери менен байланышкан. Инсандык өздүк жетишкендиктери, лидер-дик касиеттери, өзү менен өзүнүн канааттанышы жана башкалар камтылат.

• Бешинчи деңгээлдеги баалуулуктар инсандын чыгармачылыктарын мүнөздөйт. Өздүк мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде өзгөчө ийгиликтер, жаңы нерселердин пайда болушу, таланттын иш жүзүнө ашышы жана башкалар кирет.

- Демек, баалуулук категориясы эки чоң сферанын кесилишинде каралат: мотивация багытында жана аң сезимдин көз карашынын түзүлүштөрүндө.




**1-сүрөт. Баалуулуктардын иерархиясы.**

**Адабияттар:**

1. Маркова, А.К. Психологический анализ профессиональной компетентности учителя / /Советская педагогика. 1990.№8.

2. Будинайте, Г.Л., Корнилова, Т.В. Личностные ценности и личностные предпосылки субъекта / Г.Л. Будинайте, Т.В. Корнилова // Вопросы психологии. – 1993. - № 5. – С.99-105.

3. Исаев, И.Ф. Профессионально–педагогическая культура преподавателя / И.Ф. Исаев. – М. : Издат. Центр «Академия», 2002. – 208 с.

4. Климов, Е.А. Общечеловеческие ценности глазами психолога профессиоведа [Текст] / Е.А.Климов // Психологический журнал. 1993. Т. 14. №4. – с. 130-136.

5. Леонтьев, Д.А. Методика изучения ценностных ориентации [Текст]/ Д.А.Леонтьева // М. 1992.-С.6-12.

6. Мамбетакунов, Э.М. Педагогиканын негиздери [Текст]: жогорку окуу жайларынын студенттери менен мугалимдери үчүн окуу куралы / Э.М. Мамбетакунов, Т.М. Сияев –Б.: 2008. -304 б.